ДУХОВНОЕ СОБРАНИЕ
МУСУЛЬМАН РОССИИ

**«РОСМИГРАНТ»**
**мигранттарды толук кандуу ыңгайлаштыруу жана алакалаштыруу борбору**

# РОССИЯДА ЖАШАП ТУРУУ УКУГУН КАНТИП АЛУУГА БОЛОТ?

(*жашап туруу укугу)

**www.росмигрант.рф**
**www.rosmigrant.ru**
***Ыкчам байланыш телефону***
***8 800 550 32 03***

***Жашап туруу укугун (ЖТУ) берүүнүн тартибин жөнгө салган мыйзамдар***

«Россия Федерациясындагы чет элдик жарандардын укуктук макамы жөнүндө» 25.07.2002-жылдагы № 115–ФЗ Федералдык мыйзамынын 8-беренесине ылайык, жашап туруу укугу убактылуу жашоо уруксатынын негизинде бир жылдан кем эмес убакытта Россия Федерациясында жашаган чет өлкөлүк жаранга берилиши мүмкүн.

***Убактылуу жашоого уруксат албастан, жашап туруу укугу төмөнкүлөргө берилет:***

1) РСФСРдин аймагында туулган жана мурда СССРдин жараны болгон чет өлкөлүк жаран;

2) он сегиз жашка чыга элек жана ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү) чет өлкөлүк жаран болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган чет өлкөлүк жаран;

3) он сегиз жашка чыга элек, чет өлкөлүк жаран – ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү) менен бирге убактылуу жашап туруу уруксатын алган чет өлкөлүк жаран;

4) Россия Федерациясынын жараны болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган ата-энеси (багып алуучу, камкорчу, көзөмөлчү), уулу же кызы бар болгон чет элдик жаран;

5) он сегиз жашка толгон, чет мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, ишке жарамсыз же иш-аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган, чет өлкөлүк жаран – ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү) менен бирге убактылуу жашоо уруксатын алган чет өлкөлүк жаран;

6) он сегиз жашка толгон, чет мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, ишке жарамсыз же иш-аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган чет өлкөлүк жаран жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган чет өлкөлүк жаран болгон ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү);

7) 2002-жылдын 31-майындагы «Россия Федерациясынын жарандыгы жөнүндө» № 62–ФЗ Федералдык мыйзамынын 33.1-беренесине ылайык, орус тилин эне тилинде сүйлөгөн адам катары таанылган чет өлкөлүк жаран;

8) өзү же тууганы (ата-эне, чоң ата, чоң апа ж.б), асырап алуучу ата-энеси же жубайы (аялы) Крым Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын аймагынан мыйзамсыз депортацияланган чет өлкөлүк жаран, ошондой эле Россия Федерациясынын ички иштер органы, прокуратурасы же сот тарабынан берилген реабилитациялоо жөнүндө күбөлүктү тапшырган чет өлкөлүк жаран – тууганы (балдары, неберелери, чөбөрөлөрү), асырап алган балдары же жубайы (аялы);

9) 25.07.2002-жылдагы № 115-ФЗ «Россия Федерациясындагы чет элдик жарандардын укуктук абалы жөнүндө» Федералдык мыйзамынын 13.28-беренесине ылайык, жогорку кесипкөй адис жана анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү;

10) чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын – кесипкөй адистердин кесиптеринин (адистиктеринин, кызматтарынын) тизмесине киргизилген кесипте (адистикте, кызматта) Россия Федерациясында жашап туруу укугун берүү боюнча арызы менен кайрылган күндөн кеминде алты ай мурун иштеген чет өлкөлүк жаран – жумушка орноштуруу жана жумушсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жана укуктук жөнгө салууну иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу үчүн жоопту федералдык аткаруу органы тарабынан бекитилген жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Россия Федерация-

сынын жарандыгына кабыл алууга укуктуу квалификациялуу адистер. Ошол эле учурда, мындай чет өлкөлүк жаранга карата иштөөнүн көрсөтүлгөн мезгилинде, иш берүүчү Россия Федерациясынын Пенсиялык Фондусуна камсыздандыруу төгүмдөрүн чегериши керек;

11) Россия Федерациясында күндүзгү билим берүүдө мамлекеттик аккредитацияланган жогорку билим берүүнүн билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөн жана артыкчылык диплому менен билим жана квалификацияга ээ болгон чет өлкөлүк жаран;

12) Россия Федерациясында жашаган жана Россия Федерациясында жарандыгы токтотулгон адам;

13) Россия Федерациясында жашаган жана ага карата Россия Федерациясынын жарандыгын алуу жөнүндө чечим жокко чыгарылган адам, бул учур соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнүн негизинде Россия Федерациясынын Жазык кодексинде каралган 205, 205.1 беренелеринде, 205.2-беренесинин экинчи бөлүгүндө, 205.3 – 205.5, 206, 208- беренелеринде, 211-беренесинин төртүнчү бөлүгүндө, 281, 282.1 – 282.3 жана 361-беренелеринде каралган кылмыштардын кеминде бирөөсүн (кылмышка даярдануу же кылмышка баруу) жасагандыгы аныкталган адамдарга, же болбосо Россия Федерациясынын Жазык кодексинин 277 – 279 жана 360-беренелеринде каралган кылмыштардын (кылмышка даярдануу же кылмышка баруу) жок дегенде бирин, эгерде аларды жасоо террористтик ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу болсо, жасагандыгы аныкталган адамдарга таркатылбайт;

14) 2002-жылдын 31-майындагы № 62–ФЗ «Россия Федерациясынын жарандыгы тууралуу» Федералдык мыйзамынын 41.1-беренесинин биринчи же үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн адам.

Жашап туруу укугу чектөө мөөнөтү жок берилет, бирок жогорку кесипкөй адиске жана үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнө анын жогорку кесипкөй адис катары иштөөсүнө уруксат берилген мөөнөткө чейин берилет.

Чет өлкөлүк жаран жашап туруу укугун берүү жөнүндө арызды ички иштер чөйрөсүндөгү федералдык аткаруу бийлигинин аймактык органына, анын ичинде жалпыга маалымдоочу жана телекоммуникациялык тармактарды колдонуу менен, анын ичинде Интернетти, мамлекеттик жана муниципалдык тейлөө кызматтарынын бирдиктүү порталын колдонуу менен электрондук документ түрүндө бере алат.

Жашап туруу укугун берүү жөнүндө арыз Россия Федерациясынын аймагында жашаган биринчи жылдын сегиз айынан эрте эмес, убактылуу жашоого уруксаттын негизинде жана убактылуу жашоого уруксаттын мөөнөтү бүткөнгө чейин төрт айдан кечиктирилбестен берилет.

***Жашап туруу укугун төмөнкү учурларда алмаштыруу мүмкүн:***

1) чет өлкөлүк жарандын он төрт, жыйырма, кырк беш жашка чыгышы;

2) чет өлкөлүк жарандын аты-жөнү, туулган күнү (күнү, айы, жылы) жана (же) жери, жарандыгы жөнүндө маалыматты белгиленген тартипте өзгөртүүсү;

3) жыныстык өзгөрүүлөр;

4) эскирүү, бузулуу же башка себептерден улам андан ары пайдалануу үчүн жашап туруу укугу документинин жараксыздыгы;

5) жашап туруу укугу документинде берилген фамилиянын, ысымдын, датанын (күнү, айы, жылы) жана (же) туулган жеринин жазууларындагы так эместиктерди же каталарды табуу.

Чет өлкөлүк жарандын жашап туруу укугун алмаштыруу жөнүндө арызы «Россия Федерациясындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө» 25.07.2002-жылдагы № 115–ФЗ Федералдык мыйзамынын 8-беренесинин 6-пунктунун 1, 4 жана 5-пунктчаларында көрсөтүлгөн жагдайлар башталган күндөн тартып, бир айдан кечиктирилбестен, жана 2002-жылдын 25-июлундагы № 115–ФЗ «Россия Федерациясындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө» Федералдык мыйзамынын 8-беренесинин 6-пункттун 2 жана 3-пунктчаларында көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккан учурда, чет өлкөлүк жаран инсандыгын тастыктаган документ алгандан кийин он күндөн кечиктирбестен берилет.

Жарандыгы жок адамдын жашап туруу укугун алмаштыруу жөнүндө арызы 2002-жылдын 25-июлундагы № 115–ФЗ «Россия Федерациясындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө» Федералдык мыйзамынын 8-беренесинин 6-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар пайда болгон күндөн тартып, бир айдан кечиктирилбестен берилет.

Жашап туруу укугу төмөнкү маалыматтарды камтыйт: фамилиясы, аты (орус жана латын алфавитинин тамгалары менен жазылган), туулган күнү, айы, жылы жана жери, жынысы, чет өлкөлүк жарандын жарандыгы, жашаганга уруксат берүү жөнүндө чечимдин номери жана датасы, жашап туруу укугун колдонулуш мөөнөтү (ушул Федералдык мыйзамда каралган учурларда), жашап туруу укугун берген аткаруу бийлик органынын аталышы жана ички иштер тармагындагы федералдык аткаруу бийлигинин органы бекиткен документ формасы боюнча түзүлөт.

Жарандыгы жок адамга 2013-жылдын 1-январынан баштап жашап туруу укугун берүү тууралуу арызы боюнча берилген жашап туруу укугу ушул берененин 8-пунктунда көрсөтүлгөн, ээсинин жеке маалыматтарын сактоо үчүн, ошондой эле биометрикалык жеке маалыматтарын (адамдын жүзүнүн электрондук сүрөтү жана ушул адамдын сөөмөй манжаларынын папиллярдык оюмдарынын электрондук сүрөтү) сактоо үчүн маалыматты электрондук сактоочу каражатты камтыйт.

Электрондук сактоочу каражатка жазылган жарандыгы жок адамдын биометрикалык жеке маалыматтарын алуу үчүн, жашап туруу укугун берүү үчүн арыз берген адам же ага карата ушундай арыз берилген адам санарип фотосүрөткө тартылат, ал эми он эки жашка толгон адам ички иштер тармагындагы аткаруу бийлигинин федералдык органынын аймактык органында колунун сөөмөй манжаларынын папиллярдык сүрөттөрүн сканерден өткөрөт.

Эгерде жарандыгы жок адамдын сөөмөй манжаларынын папиллярдык сүрөттөрүн сканерлөө мүмкүн болбосо, анын колунун башка манжаларындагы папиллярдык сүрөттөр сканерленет.

Россия Федерациясында туруктуу жашаган чет өлкөлүк жаран, жашап туруу укугун алган күндөн тартып, кезектеги жыл аяктаганга чейин эки айдын ичинде, Россия Федерациясында жашагандыгын тастыктаган билдирүүнү жашаган жери боюнча (жашаган жери жок болсо) аткаруу бийлигинин федералдык органынын аймактык органына берүүгө милдеттүү.

Эгерде жүйөлүү себептер бар болсо, анда көрсөтүлгөн билдирүү чет өлкөлүк жаран тарабынан кийинчирээк, бирок жашап туруу укугун алган күндөн тартып кезектеги жыл аяктаганга чейин алты айдан кечиктирбестен, белгиленген мөөнөттө көрсөтүлгөн

билдирүүнү тапшыруу мүмкүн эместигин тастыктаган документтер менен берилет. Белгиленген мөөнөттө көрсөтүлгөн билдирүүнү тапшыруу мүмкүн эместигин тастыктаган документтер электрондук документтер түрүндө берилиши мүмкүн.

Россия Федерациясында туруктуу жашоонун ар бир бешинчи жылы аяктагандан кийин, билдирүү чет өлкөлүк жаран тарабынан жеке өзү гана ички иштер тармагындагы аткаруу бийлигинин федералдык органынын аймактык органына берилет.

## *Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жарандары Россияда жашап туруу укугун кантип алууга болот?*

- Жашап туруу укугу деген эмне?
- Жашап туруу укугунун артыкчылыгы эмнеде?
- Россияда жашап туруу укугун кантип алууга болот?

Чет өлкөлүк жарандын жашап туруу укугу (1-сүрөттү караңыз) – бул жогорку кесипкө адиске жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө жумушка уруксат берилген мөөнөткө чейин убактылуу жашоо уруксатын кошпогондо, чексиз күчүндө болгон, узак мөөнөткө берилген өзүнчө документ.




*1-сүрөт. – Жашап туруу укугу*

***Жашап туруу укугунун макамы төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү берет:***

• Россиянын ар кандай субъектилеринде туруктуу жашоо (мөөнөтсүз);

• Россия Федерациясынын ар кандай субъектилеринде жашаган жери боюнча каттоо;

• Россиянын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө арыз менен Россиянын Ички иштер министрлигинин Башкы башкармалыгынын Миграция маселелери боюнча башкармалыгынын аймактык бөлүмүнө, эгерде негиздер болсо,  Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык кайрылуу мүмкүнчүлүгү;

• Россиянын каалаган субъектилеринде патентсиз жана иштөөгө уруксатсыз иштөө;

• жеке ишкердин статусун каттоо;

• акысыз медициналык жардам алуу (милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин каттоо – 2-сүрөттү караңыз);

• россиялык үлгүдөгү айдоочулук күбөлүктү каттоо;

• балдар бакчасына жана мектепке балдарды каттоо;

• Россиянын аймагында пенсия алуу.




*2-сүрөт. – Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси*






Жашап туруу укугун алуу үчүн арыз Россиянын Ички иштер министрлигинин аймактык бөлүмүнө арыз ээсинин жашаган жери же миграциялык каттоосу боюнча берилет.

Жарандар үчүн арызды кароонун жалпы мөөнөтү 4 айдан 6 айга чейин.

Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан жана Кыргызстандын жарандары үчүн жашап туруу укугун алууда документтердин тизмеси:

• жашап туруу укугун алуу жөнүндө арыз – жеке өзү тарабынан эки нускада жазылган;

• чет өлкөлүк паспорттун түп нускасы;

• 4 сүрөт – паспорттун стандарты;

• нотариалдык күбөлөндүрүүсү менен бардык документтердин көчүрмөлөрү: убактылуу жашоо уруксаты паспорту (резидент аны алуудан бошотулган учурларды кошпогондо), каттоосу, миграциялык картасы, туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү, нике күбөлүгү (эгер нике түзүлгөн болсо);

• арыз ээсинин бардык документтеринин котормолору (анда орус тилине котормосу жок болсо) котормочунун кол тамгасынын нотариалдык күбөлөндүрүүсү менен орус тилине;

• арызды кароо үчүн мамлекеттик алымды төлөгөндүгү жөнүндө квитанция;

• арыз ээсинин ден-соолугу жөнүндө медициналык маалымкат;

• психиатр-наркологдун корутундусу;

• ВИЧ-инфекциясы жок экендиги жөнүндө маалымкат;

• орус тилин билүү күбөлүгү, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билүү же орус тилин билгендигин тастыктаган башка документ;

• Россия Федерациясынын аймагындагы акча каражаттарынын мыйзамдуу булагын тастыктаган документтер (мисалы, киреше деңгээли жөнүндө маалымкат – бул аймакта белгилүү бир мезгилде белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбошу керек).

Эгерде чет элдик жаран фамилиясын өзгөрткөн болсо, анда муну тастыктоочу документтер талап кылынат.

Айрым учурларда, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын жарандары убактылуу жашоо уруксатын албай туруп, жашап туруу укугун сурап кайрылышса болот. Бул төмөнкү категориядагы жарандар үчүн мүмкүн:

•РСФСРдин аймагында туулган жана мурун СССРдин жарандыгында болгон;



• он сегиз жашка чыга элек жана ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү) Россиянын жараны болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган жарандар;

• он сегиз жашка толо элек жашап туруу укугун ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, камкорчу) менен бирге алган жарандар;

• Россия Федерациясынын жарандары болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү), уулу же кызы бар жарандар;

• чет мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, ишке жараксыз же иш-аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган, он сегиз жашка толгон, ата-энеси (асырап алуучу, камкорчу, көзөмөлчү) менен бирге убактылуу жашоо уруксатын алган жарандар;

• он сегиз жашка толгон жана чет мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, ишке жараксыз же иш-аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган, ата-энеси (асырап алуучусу, камкорчусу, көзөмөлчү) Россиянын жараны болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган жарандар;

• «Россия Федерациясынын жарандыгы жөнүндө» Федералдык мыйзамынын 33.1-беренесине ылайык, орус тилин эне тилиндей сүйлөгөн жарандар деп таанылган жарандар;

• өзү же тууганы (ата-эне, чоң ата, чоң апа ж.б), асырап алуучу ата-энеси же жубайы (аялы) Крым Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын аймагынан мыйзамсыз депортацияланган чет өлкөлүк жаран, ошондой эле Россия Федерациясынын ички иштер органы, прокуратурасы же сот тарабынан берилген реабилитациялоо жөнүндө күбөлүктү тапшырган чет өлкөлүк жаран - тууганы (балдары, неберелери, чөбөрөлөрү), асырап алган балдары же жубайы (аялы);

• жогорку кесипкөй адистер жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү;

• чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын – кесипкөй адистердин кесиптеринин (адистиктеринин, кызматтарынын) тизмесине киргизилген кесипте (адистикте, кызматта) Россия Федерациясында жашап туруу укугун берүү боюнча арызы менен кайрылган күндөн кеминде алты ай мурун иштеген чет өлкөлүк жаран – жумушка орноштуруу жана жумушсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жана укуктук жөнгө салууну иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу үчүн жооптуу федералдык аткаруу органы тарабынан бекитилген жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Россия Федерациясынын жарандыгына кабыл алууга укуктуу квалификациялуу адистер. Ошол эле учурда, мындай чет өлкөлүк жаранга карата иштөөнүн көрсөтүлгөн мезгилинде, иш берүүчү Россия Федерациясынын Пенсиялык Фондусуна камсыздандыруу төгүмдөрүн чегериши керек;

## Россияда жашап туруу укугу (ЖТУ)

***Россияда жашап туруу укугун (жашап туруу укугу – ЖТУ) кантип алсам болот?***

***Сизде убактылуу жашоо уруксаты барбы (мындан ары УЖУ)?***

***Ооба.***

Сиз Россиянын Ички иштер министрлигинин аймактык бөлүмүнө жашаган же катталган жери боюнча төмөнкү документтер менен кайрыла аласыз:

• жашап туруу укугун (ЖТУ) алуу жөнүндө арыз – жеке өзү тарабынан эки нускада жазылган;

• чет элдик паспорттун түп нускасы;

• 4 сүрөт – паспорттун стандарты (бийиктиги – 45 миллиметр; туурасы – 35 миллиметр);

• нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн бардык документтердин көчүрмөлөрү: УЖУ менен паспорт, каттоо, миграциялык карта, туулгандыгы жөнүндө күбөлүк;

• бардык документтердин котормолору (орус тилине котормосу жок болсо) орус тилине котормочунун колун нотариалдык күбөлөндүрүү менен;

• арызды карооүчүн мамлекеттик алымды төлөгөндүгү жөнүндө квитанция;

• ден-соолугу жөнүндө медициналык маалымкат;

• психиатр-наркологдун корутундусу;

• ВИЧ-инфекциясы жок экендиги жөнүндө күбөлүк;

• орус тилин билүү күбөлүгү, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билүү же орус тилин билгендигин тастыктаган башка документ;

• Россия Федерациясынын аймагындагы акча каражаттарынын мыйзамдуу булагын тастыктаган документтер (мисалы, киреше деңгээлинин маалымкаты – бул белгилүү бир мезгилде аймакта белгиленген жашоо минимумунан кем болбошу керек).

***Никеңиз барбы, фамилияңыз өзгөрдүбү?***

***Ооба.***

Бул учурда, Сиз нике күбөлүгүн жана / же фамилиясынын өзгөргөндүгүн тастыктаган документтерди дагы тапшырышыңыз керек.

***Жок.***

Бул учурда, жогоруда көрсөтүлгөн тизмеден документтер гана талап кылынат.

***Сизде убактылуу жашоого уруксат барбы (мындан ары УЖУ)?***

***Жок.***

***Сиз УЖУ албай туруп, жашап туруу укугун сураган жарандардын категорияларына киресизби?***

тактап айтканда:

• РСФСРдин аймагында төрөлүп жана мурун СССРдин жарандыгында болгон;

• ата-энеси/асырап алуучусу/камкорчусу/ көзөмөлчүсү

Россиянын жараны болгон жана Россия Федерациясынын аймагында туруктуу жашаган 18 жашка толо элек жарандар;

• ата-энеси/асырап алуучусу/камкорчусу/ көзөмөлчүсү, уулу же кызы Россия Федерациясынын жараны болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган жарандар;

• ата-энеси/асырап алуучусу/камкорчусу/ көзөмөлчүсү менен бирге убактылуу жашоого уруксат алып, 18 жашка толгон жана Сиздин мамлекеттин мыйзамдарына ылайык ишке жараксыз же жарым-жартылай ишке жараксыз деп табылган жарандар;

• ата-энеси/асырап алуучусу/камкорчусу/ көзөмөлчүсү Россиянын жараны болгон жана Россия Федерациясында туруктуу жашаган, Сиздин мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, ишке жараксыз же жарым-жартылай ишке жараксыз деп табылган 18 жаштан жогору жарандар;

• «Россия Федерациясынын жарандыгы жөнүндө» Федералдык Мыйзамынын 33.1-беренесине ылайык, орус тилин эне тилинде сүйлөгөн адамдар деп таанылган жарандар;

• тууганадары (ата-эне, чоң ата, чоң апа ж.б), же асырап алуучу, же жубайы (аялы) Крым Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын аймагынан мыйзамсыз депортацияланган жарандар, ошондой эле туугандары (балдары, неберелери, чөбөрөлөрү), асырап алган балдары же жубайы (аялы) Россия Федерациясынын ички иштер органы, прокуратурасы же сот тарабынан берилген реабилитациялоо жөнүндө күбөлүк тапшырган жарандар;

• жогорку кесипкөйлүү адистер же жогорку кесипкөйлүү адистин үй-бүлө мүчөлөрү;

• Россия Федерациясында чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын кесиптеринин (адистиктеринин, кызматтарынын) тизмесине киргизилген кесип (адистиги, кызматы) боюнча жашап туруу укугун алуу үчүн арыз берген күндөн кеминде 6 ай мурун ишмердүүлүк жүргүзгөн жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Россиянын жарандыгына кабыл алуу укугуна ээ болгон адистер (иш берүүчү тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн Россия Федерациясынын Пенсиялык Фондусуна которуу шартында).

***Ооба.***

Сиз Россиянын Ички иштер министрлигинин аймактык бөлүмүнө жашаган же катталган жер боюнча төмөнкү документтер менен кайрыла аласыз:

• жашап туруу укугун алуу жөнүндө арыз – жеке өзү тарабынан, эки нускада жазылган;

• чет өлкөлүк паспорттун түп нускасы;

• 4 сүрөт – паспорттун стандарты (бийиктиги – 45 миллиметр; туурасы – 35 миллиметр.);

• нотариалдык күбөлөндүрүлгөн бардык документтердин көчүрмөлөрү: убактылуу жашоого уруксаты паспорту, каттоо, миграциялык карта, туулгандыгы жөнүндө күбөлүк;

• бардык документтердин котормолору (орус тилине котормосу жок болсо) орус тилине котормочунун колунун нотариалдык күбөлөндүрүүсү менен;

• арызды кароо үчүн мамлекеттик алымды төлөгөндүгү жөнүндө квитанция;

• ден-соолугу жөнүндө медициналык справка;

• психиатр-наркологдун корутундусу;

• ВИЧ-инфекциясы жок экендиги жөнүндө маалымкат;

• орус тилин билүү күбөлүгү, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билүү же орус тилин билгендигин тастыктаган башка документ;

• Россия Федерациясынын аймагындагы акча каражаттарынын мыйзамдуу булагын тастыктаган доку-

менттер (мисалы, киреше деңгээли жөнүндө тастыктама – бул, жок дегенде, белгилүү бир мезгилде аймакта белгиленген жашоо минимуму болушу керек).

***Сиздин никеңиз барбы, фамилияңыз өзгөрдүбү?***

***Ооба.***

Бул учурда Сиз нике күбөлүгүн жана / же фамилиясынын өзгөргөндүгүн тастыктаган документтерди көрсөтүшүңүз керек.

***Жок.***

Бул учурда, жогоруда көрсөтүлгөн тизмеден документтер гана талап кылынат.

***Сиз УЖУну албай туруп, жашап туруу укугун сураган жарандардын катарына киресизби?***

***Жок.***

Сизге жашап туруу укугун алуу үчүн алгач УЖУну алуу керек.

***Жашап туруу укугун алуу үчүн канча убакыт талап кылынат?***

Сиздин арызыңыз 4 айдан 6 айга чейин каралат.

***Жашап туруу укугун канча убакытка чейин алсам болот?***

Сиз жогорку кесипкөйлүү адиссизби же жогорку кесипкөйлүү адистин үй-бүлө мүчөсүсүзбү?

***Ооба.***

Жашап туруу укугу Сиздин иштөөгө уруксат берилген мезгил аралыгына берилет.

***Жок.***

Жашап туруу укугу чексиз мөөнөткө берилет.

***Жашап туруу укугун алсам, кандай укуктарга ээ болом?***

Сиз төмөнкү мүмкүнчүлүктөргө ээ боло аласыз:

• Россиянын ар кандай субъектилеринде туруктуу, мөөнөтсүз жашоо;

• Россиянын каалаган аймагында жашаган жери боюнча каттоодон өтүү;

• Россиянын Ички иштер министрлигинин Башкы башкармалыгынын Миграция маселелери боюнча башкармалыгынын аймактык бөлүмүнө, эгерде Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык, негиздер бар болсо, жарандык алуу жөнүндө арыз менен кайрылуу;

• Россиянын каалаган аймагында патентсиз жана иштөөгө уруксатсыз иштөө;

• жеке ишкердин макамын тариздөө;

• бекер медициналык жардам алуу;

• Россиянын айдоочулук күбөлүгүн берүү;

• балдар бакчасында жана мектепте балдарды каттоо;

• Россия Федерациясынын аймагында пенсия алуу.

***Жашап туруу укугун кайдан алсам болот?***

Сиз Москва шаарынансызбы же Москва облусунансызбы?

***Москва.***

Сиз Федералдык миграция кызматынын башкармалыгына документтериңиз менен кайрылсаңыз болот.

***Москва***

***Москва обл.***

Сиз Федералдык миграция кызматынын башкармалыгына документтерди тапшыра аласыз (Москва шаарынан тышкары).

***Орус тилин эне тилиндей эркин билген деп таанылган чет өлкөлүк жаранга жашап туруу укугун алуу үчүн документтер.***

***Жашап туруу укугун алуу үчүн кандай документтер керек?***

Сиз камсыз кылышыңыз керек:

• Арыз, эки нускада;

• Паспорт (эгер паспорт чет тилинде болсо, анда бардык барактардын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосун жасоо керек);

• Сүрөттөр (4 даана);
• Баңгиликтин, башкаларга коркунуч туудурган жугуштуу оорулардын жана ВИЧ-инфекциянын жоктугун тастыктаган медициналык маалымкаттар;
• Эгерде Сиз Россия Федерациясына виза менен кирип жатсаңыз, соттолгондугу жоктугу жөнүндө маалымкат (эгерде Сизде соттолгондук бар болсо – Сиз соттолгон кылмыш жөнүндө маалыматтарды камтыган документ);
• 5000 рубл өлчөмүндө мамлекеттик алымды төлөгөндүгү жөнүндө квитанция (квитанция арыз ээсинин демилгеси боюнча берилет);
• Сизди орус тилин эркин билген адам катары таануу жөнүндө чечим жана анын көчүрмөсү;
• Миграциялык каттоодон өткөндүгү жөнүндө билдирүү (эгер убактылуу жашаганга уруксаты бар жашаган жери боюнча каттоосу жок болсо (мындан ары УЖУ);
• УЖУ (бар болсо), виза, миграция картасы.

***Жашап туруу укугун алуу үчүн мурунку жарандыгымдан чыккандыгымды билдиришим керекпи?***

Жок, мурунку жарандыгыңызды сактап кала аласыз, аны Орусияда жашап туруу укугун алуу үчүн калтыруу талап кылынбайт.

***Жашап туруу укугун алуу үчүн канча убакыт талап кылынат?***

Оң чечим кабыл алынган учурда, документтерди тапшыргандан кийин 2 айдан кийин жашап туруу укугун ала аласыз.

***Жогорку кесипкөйлүү адиске жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө жашап туруу укугун (мындан ары ЖТУ) алуу үчүн кандай документтер керек?***

***Мен Россия Федерациясына жогорку кесипкөйлүү адис катары келдим, жашап туруу укугун алуу үчүн кайда кайрылсам болот?***

Жашап туруу укугун алуу үчүн Россиянын Ички иштер министрлигинин Башкы башкармалыгынын миграция маселелери боюнча башкармалыгынын аймактык бөлүмүнө (Москва шаары, Москва облусту) катталган жери боюнча же миграция каттоосу боюнча кайрылууга болот.

Москва шаарында арыздарды Москвадагы миграция борбору кабыл алат.

***Жашап туруу укугун алуу үчүн кандай документтерди беришим керек?***

Жашап туруу укугун алуу үчүн Сиз жана 18 жаштан жогору үй-бүлө мүчөлөрүңүз төмөнкү документтерди көрсөтүшүңүз керек:
• Арыз (2 нускада);
• 4 сүрөт;
• Өздүгүн тастыктаган документ;
• Сизде башкаларга коркунуч туудурган баңгилик же жугуштуу оорулар жок экендигин тастыктаган документ, ошондой эле ВИЧ-инфекциясы жок экендиги жөнүндө маалымкат;
• Арыз берилгенге чейин 3 айдан эрте эмес, Сиздин мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген соттолгондугу жок экендигин тастыктаган документ (эгерде соттолгондугу бар болсо – кылмыш жөнүндө маалыматты камтыган документ);
• Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн эмгек келишими же жумушту аткаруу (кызмат көрсөтүү) үчүн жарандык-укуктук келишим;
• Нике жөнүндө документ (эгер бар болсо);
• Сиздин үй-бүлөңүздүн мүчөлөрү үчүн – Сиздин тугандык катышыңардын деңгээлин тастыктаган документтер (туулгандыгы тууралуу күбөлүк, нике күбөлүгү, ажырашуу жөнүндө күбөлүк, асырап алуу жөнүндө күбөлүк).

Сиздин үй-бүлө мүчөлөрүңүз төмөнкүлөрдү камтыйт:
• 18 жашка чейинки балдар;

• ишке жарамсыз же жарым-жартылай иш-аракетке жөндөмсүз адамдарбы?

***Ооба.***

Жашап туруу укугун алуу үчүн 18 жашка чейинки балдар же ишке жарамсыз же жарым-жартылай иш-аракетке жөндөмсүз адамдар төмөнкү документтерди тапшырышы керек:

• Арыз эки нускада;

• 4 сүрөт;

• Сиздин ким экендигиңизди тастыктаган документ;

• 18 жашка чейинки баланын же өзүнө карата арыз берилген ишке жараксыз же жарым-жартылай иш-аракетке жөндөмсүз адамдын инсандыгын ырастоочу документ;

• Сиздин мамлекетиңиздин ыйгарым укуктуу органы же Россия Федерациясы тарабынан (эгерде мындай адамга карата арыз берилген болсо) жаранды ишке жарамсыз же иш-аракетке жөндөмү чектелген деп табуу жөнүндө документ;

• Асырап алуучунун, камкорчунун же көзөмөлчүнүн ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер;

• Арыз берилген адамда башкаларга коркунуч туудурган баңгилик жана жугуштуу оорулар жок экендигин тастыктаган документтер, ошондой эле ВИЧ-инфекциясы жок экендиги жөнүндө маалымкат;

• Сиз жашаган мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан арыз берилген күндөн 3 айдан эрте эмес берилген соттолгондугу жок экендигин тастыктаган документ (эгерде соттолгондугу болсо, анда арыз ээси соттолгон кылмыш жөнүндө маалыматтарды камтыган документ) – 14 жашка толгон жарандар үчүн;

• Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жумушту аткаруу үчүн эмгек же жарандык келишим;

• Нике жөнүндө документ (эгерде арыз ээси жогорку кесипкөйлүү адистин жубайы болсо);

• Сиз менен арыз ээсинин ортосундагы туугандык мамиленин деңгээлин тастыктаган документтер (туулгандыгы тууралуу күбөлүк, нике күбөлүгү, ажырашуу күбөлүгү, бала асырап алуу жөнүндө күбөлүк, аты-жөнүн өзгөртүү жөнүндө күбөлүк).

***Жок.***

Бул учурда, жогоруда көрсөтүлгөн документтердин тизмеси толук.

***Жашап туруу укугун алуу үчүн алым төлөшүм керекпи?***

Ооба, өзүңүз үчүн жана жашап туруу укугун сурап жаткан ар бир үй-бүлө мүчөсү үчүн 5000 рублдан мамлекеттик алым төлөшүңүз керек.

***Менин арызымды карап чыгуу канча убакытты алат?***

Жашап туруу укугун берүү жөнүндө арызды кароо мөөнөтү 4 ай.

***Жашап туруу укугун канча убакытка чейин алууга болот?***

Жашап туруу укугу Сизге жумушка уруксат берилген мезгилге чейин берилет.

## *Чет элдик жарандын орус тилин эне тилинде эркин билген адам катары таанылышынын тартиби*

***Мени кандай шарттарда орус тилин эне тилиндей эркин билген адам катары таанууга болот?***

Эгер Сиз орус тилинде эркин сүйлөсөңүз жана Сиз же Сиздин түздөн-түз туугандарыңыз (ата-эне, чоң ата, чоң апа ж.б) Россия Федерациясынын аймагында, же мурун Россия империясына, же СССРге таандык болгон аймакта туруктуу жашашса, Сиз орус тилин эркин билген адам катары таанылa аласыз.

***Орус тилинде эркин сүйлөгөн адам катары таанылышы үчүн, менин аракеттеримдин тартиби кандай болушу керек?***

Сиз Беларуссиянын же Украинанын жаранысызбы, орус тилинде эркин сүйлөйсүзбү?

***Ооба.***

Сизди орус тилин эне тилиндей эркин билген адам катары таануу жөнүндө арыз менен миграция органдарына (Москва шаарында – «Миграция борбору» Мамлекеттик бюджеттик мекемеси) кайрылууңуз керек. Арыз бергенде, Сиз Комиссия тарабынан маектешүүсүз орус тилин эркин билген адам катары таанышыла аласыз.

***Жок.***

Сизге зарыл:

